


УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL

ВЕНДИ ГАЛАРСА
МЕКСИКА

# АЯЛДАРГА БОЛГОН ЗОМБУЛУККА КАРШЫ ЧЫГУУ АКЦИЯСЫНДА ОК ТИЙГЕН

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL

# УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
# 20 ЖЫЛДАН БЕРИ ЖАШООНУ ӨЗГӨРТКӨН КАТТАР

Качан кимдир бирөө үчүн бир ууч адам бириккенде, натыйжалар болуп көрбөгөндөй өзгөрүшү мүмкүн.

Мындан 20 жыл мурун Польшадагы активисттердин чакан тобу 24-саат бою кат жазуу марафонун өткөрүшкөн. Кийинки жылдарда бул идея терең жайылган. Бүгүн "Укуктар үчүн Жаз"- бул адам укуктары боюнча дүйнөдөгү эң ири иш-чара болуп саналат.

2001 -жылдагы 2,326 каттан 2020-жылы 4,5 миллион катка чейин жетип, твиттер, петицияларга кол коюу жана башка иш-аракеттердин алкагында, дүйнө жүзү боюнча адамдар тилектештик үчүн чек аралар эч кандай тоскоолдук эмес деген пикирде биригип, өз сөздөрүнүн күчүн колдонушту. Бул адамдар өткөн жылдар бою биргеликте 100дөн ашуун адамдын жашоосун өзгөртүүгө жардам берип, аларды кыйноолордон, куугунтуктардан же адилетсиз камакка түшүүдөн бошотушту.

Быйылкы үгүт өнөктүгү бул колдоону тынч түрдөгү иш-аракеттери, көз караштары же өзгөчөлүктөрү үчүн куугунтукка кабылган адамдарга багытталат. Буга ЛГБТИ активисттери, экологдор жана тынч демонстранттар кирет. Бул адамдар ар кандай жолдор менен сабалган, камалган, атылган, куугунтукталган жана коркутууларга кабылган.

"Укуктар үчүн Жаз" аркылуу алар дүйнө жүзүндөгү миңдеген адамдардан жеке тилектештик билдирүүлөрүн алышат. Алар жана алардын үй -бүлөлөрү, алардын жагдайлары коомчулуктун назарына жеткирилип жатканын жана алар унутта калбаганын билишет.

Мунапыс Уюму кат жазуу аракеттери менен бирге, бул адамдардын абалын өзгөртүүгө күчү бар, алардын



*Эл аралык Мунапыс Уюмунун Тайвандагы кат жазуу иш-чарасы, декабрь -2020*

өлкөсүндөгү саясатчылар сыяктуу таасирдүү адамдарга да кайрылат. "Укуктар үчүн Жаз" ошондой эле, бул адилетсиздиктерди коомдук иш -чаралар менен көрсөтүп, социалдык медиа аркылуу дүйнө жүзүнүн көңүлүн бурдурат.

Мурунку жылдары өнөктүккө катышкан адамдар жана топтор бул иш-аракеттердин аларга тийгизген таасирин айтып, натыйжада көптөгөн адамдардын кам көрүүлөрү аларга чоң дем күч бергенин билдиришти.

Көп учурда бул адамдарга, ошондой эле ушундай кырдаалга туш болгон башка адамдарга жана топторго карата өлкөнүн бийлиги аларга мамилелерин олуттуу түрдө өзгөртүшөт. Айыптардын алынышы жана адамдардын камактан бошотулушу мүмкүн. Адамдарга гумандуу мамиле жасалып, адилетсиздикке каршы жаңы мыйзамдар же эрежелер киргизилет.

- Биз күрөшүп жаткан адамдар жөнүндө окуңуз: www.amnesty.org/writeforrights
- Мунапыс Уюмунун сиздин өлкөдөгү тобу менен байланышыңыз: www.amnesty.org/countries
- #W4R21 хэштеги аркылуу @Amnesty -ге колдооңузду билдирген твит жөнөтүңүз.

## БАШТООДОН МУРУН

Бул **адам укуктары боюнча билим берүү ишмердүүлүгү**н мектепте, жамаат ичинде, үй -бүлө ичинде же активисттик топтордун арасы сыяктуу ар кандай онлайн же оффлайн шарттарда өткөрүү мүмкүн. Уюштуруучу катары сиз бул ишмердүүлүктү иштешип жаткан топтун ыңгайына жараша ылайыкташтыра аласыз. Мисалы, талкуулана турган маселелер боюнча катышуучулардын буга чейин кандай маалыматы бар экенин, алардын санын жана кантип аларды иш-чарага жигердүү катышууга үндөй тургандай мыкты уюштурууну, иш-чаранын техникалык шарттарын жана чектөөлөрдү алдын ала карап көрүңүз. Катышуучулар бир иш боюнча чара көрүүнү каалаган учурда, алар үчүн бул коопсузбу же жокпу талкуулаңыз.

Бардык иш-чаралар **биргелешип үйрөнүүнүн усулдарына** негизделген, анда катышуучуларга жөн гана маалымат берилбейт; алар кейстерге байланыштуу маселелерге суроо салып, аларды изилдешет, талкуулашат жана талдашат. Бул методика катышуучуларга төмөнкү мүмкүнчүлүктөрдү берет:

Негизги компетенттүүлүктү жана жөндөмдөрдү **АРТТЫРУУ**.

Өз ой-пикирин калыптандыруу, суроолорду берүү жана айтылган маселелерди тереңирээк түшүнүү **МҮМКҮНЧҮЛҮГҮНӨ ЭЭ БОЛУУ.**

Өздөрүнүн үйрөнүүсүн жана кызыкчылыктарына, жөндөмдөрүнө жана көйгөйлөрүнө ылайык талкуулоону уюштурууну **КӨЗӨМӨЛГӨ АЛУУ.**

Өз-ара эмоционалдык байланыштарын арттырып, өз жүрүм- турумдарын жана мамилелерин өркүндөтүүгө керек болгон **МЕЙКИНДИККЕ ЭЭ БОЛУУ.**

- Эгерде сиз биргелешип үйрөнүүнүн усулдарын жакшы билбесеңиз, баштоодон мурун Эл аралык Мунапыс Уюмунун фасилитациялоо (Amnesty International's **Facilitation Manual**) боюнча колдонмосун карап чыгыңыз: www.amnesty.org/en/documents/ACT35/020/2011/en/
- Эл аралык Мунапыс Уюму адам укуктары боюнча ар кандай окутууларды, анын ичинде укук коргоочулар жөнүндө **"Укуктар үчүн Жаз"** же **"Каттар Марафону"** өнөктүгү туралуу кыска курсту сунуштайт: https://academy.amnesty.org/learn

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL

# СИЛЕРДИН СӨЗДӨРДҮН КҮЧҮ БАР



## САУД АРАБИЯДАГЫ АКТИВИСТ БОШОТУЛДУ

Аялдардын эркиндиги үчүн күрөшкөн Насима ас-Сада 2018-жылы адам укуктарын тынчтык жолу менен коргогону үчүн камакка алынган. Түрмөдө жатканда күзөтчүлөр аны сабап, адвокаты баш болгон баарына аны менен жолугууга тыюу салышкан. Бирок, массалык түрдө 777,611 кат жазылып, твиттерлер жөнөтүлүп, дүйнө жүзүндөгү колдоочуларынын жана башка аракеттери менен Насима 2021 -жылы июнда бошотулуп, үй -бүлөсүнө жана досторуна кайтып келди.

## ҮЧ БАЛАНЫН АТАСЫ ҮЙ БҮЛӨСҮНӨ ЖОЛУКТУ

2018 -жылдын апрелинде бейөкмөт уюмунун кызматкери жана укук коргоочу Жермен Рукаки бир катар жалган айыптар менен күнөөлүү деп табылып, Бурундиде 32 жылга эркинен ажыратылган. Ал камалгандан бир нече апта өткөндөн кийин төрөлгөн кичүү баласын колуна ала электе түрмөгө кесилген. Анын үй -бүлөсү репрессиядан коркуп, өлкөдөн чыгып кеткен. Анын бошотулушун талап кылган 436,000ден ашуун чакыруулардын да таасири тийип, 2021 -жылдын 30 -июнунда Жермен акыры камактан бошотулуп, үй -бүлөсүнө кайрадан жолукту.



© Private



© Private

## ТҮШТҮК АФРИКАДА АДИЛЕТТҮҮЛҮККӨ БИР КАДАМ ЖАКЫНДОО

Достор Попи Квабе менен Бонгек Пунгул 2017 -жылдын май айында түндө сейилдеп жүргөндө өлтүрүлгөн. Акыркы убактарга чейин алардын үй -бүлөлөрүнүн укуктары бузулуп, алар полициянын иликтөө иштеринин кечендеп жатканына тынчсызданып келишкен. Бирок, 2021 -жылдын мартында полиция дүйнө жүзү боюнча бул үй-бүлөлөрдүн тарапташтарынан 341,106 кол коюлган арыздарды алгандан кийин ишти кайрадан ачкан. Полиция тергөө иштерин аяктап, азыр ишти өлкөнүн Башкы прокуратурасына өткөрүп берди. Попинин эжеси Тембелихле, “Менде ишенич пайда болду”, - деп билдирди. Ал: “Мен акыры бир нерсе өзгөрө турганын сезип жатам”, -дейт.

**УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ**

AMNESTY INTERNATIONAL

# АДАМ УКУКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ

Адам укуктары - бул ар бирибизге таандык болгон негизги эркиндиктер жана коргоолор. Алар жашына, улутуна, жынысына, расасына, ынанымына жана жеке багыттарына карабастан адамдардын беделине, теңчилдикке жана өз ара урматтоо принциптерине негиздилген.

Сиздин укуктарыңыз адилеттүү мамиле көрүү жана башкаларга адилеттүү мамиле кылуу, ошондой эле жеке жашооңузду тандоо мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуу. Бул негизги универсалдуу адам укуктары - алар баарыбызга таандык; дүйнөдөгү баарына бирдей. Алар ажырагыс – аларды бизден тартып алууга болбойт. Алар бөлүнгүс жана бири -бирине көз каранды - баары бирдей мааниге ээ жана бири -бири менен тыгыз байланышкан.

Экинчи Дүйнөлүк Согуш учурунда жасалган мыкаачылыктардан кийин, Адам укуктарынын жалпы декларациясы кабыл алынгандан баштап, адам укуктары боюнча эл аралык документтер дүйнө жүзүндөгү адамдардын жашоосун жакшыртуу үчүн улуттук, аймактык жана эл аралык мыйзамдардын бекем пайдубалын түздү. Адам укуктары өкмөтттөгүлөргө мыйзам катары каралышы мүмкүн. Алар өкмөттөргө жана мамлекеттик бийликтегилерге өздөрүнүн карамагындагылардын, ошондой эле чет өлкөдөгүлөрдүн укуктарын урматтоо, коргоо жана аткаруу боюнча милдеттенмелерди жүктөйт.

Адам укуктары - бул иш жүзүндө мүмкүнчүлүк болгондо гана канааттандыра турган жыргалчылык эмес.



*Эл аралык Мунапыс Уюмунун Бениндеги кат жазуу иш-чарасы, декабрь -2020*



THE UNIVERSAL DECLARATION of Human Rights

UNITED NATIONS

© UN Photo

# АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ

Адам укуктарынын жалпы декларациясы Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки жылдары жаңыдан түзүлгөн Бириккен Улуттар Уюму тарабынан иштелип чыккан. 1948-жылдын 10-декабрында кабыл алынгандан бери ал адам укуктары боюнча эл аралык тутумдун негизин түзөт. Дүйнөнүн бардык өлкөлөрү бул документтин 30 беренесинде камтылган жалпы принциптерге баш ийүүгө макулдук берген.

АУЖД – бул аты айтып тургандай өзү декларация. Бул дүйнө жүзү боюнча ар бир өкмөттүн адамдардарга жасаган мамилесинде белгилүү стандарттарды сактооого болгон ниети тууралуу билдирүүсү. Адам укуктары эл аралык укуктун бир бөлүгү болуп эсептелет: АУЖД кабыл алынгандан баштап, анын принциптеринин негизинде көптөгөн башка милдеттүү мыйзамдар жана келишимдер иштелип чыкты. Дал ушул мыйзамдар жана келишимдер Эл аралык Мунапыс Уюму сыяктуу уюмдардын, өкмөттөгүлөрдү эскертип, аларды “Укуктар үчүн Жаз” өнөктүгүндө айтылган адамдарга карата терс жүрүм турумдарынан жана катаал мамилесинен баш тартууга үндөөгө негиз түзөт.

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL

# АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ




**ЖАРАНДЫК УКУКТАР ЖАНА ЭРКИНДИКТЕР**
Жашоого укук, кыйноолордон жана кулчулуктан эркиндик, дискриминацияга жол бербөө укугу.

| | |
|---|---|
| **1-берене** | Өз беделинде жана укуктарда эркиндик жана теңдик |
| **2-берене** | Дискриминацияга жол бербөө |
| **3-берене** | Адамдын жашоо, эркиндик жана жеке кол тийбестик укугу |
| **4-берене** | Кулчулуктан боштондук |
| **5-берене** | Кыйноолордон эркиндик |




**ЮРИДИКАЛЫК УКУКТАР**
Күнөөсүз деп өзүн эсептөө укугу, акыйкат сот жараянын талап кылуу, камакка алынбоо же эркиндигин сактоо укугу.

| | |
|---|---|
| **6-берене** | Бардык адамдар мыйзам менен корголот |
| **7-берене** | Мыйзам алдында бардыгы бирдей |
| **8-берене** | Мыйзам тарабынан белгиленген негизги укуктары бузулган кезде аларды калыбына келтирүү талаптары |
| **9-берене** | Эч ким мыйзамсыз камакка алынууга, кармалууга же куугунтукталууга тийиш эмес |
| **10-берен** | Акыйкат сот жараянын талап кылуу укугу |
| **11-берене** | Күнөөсү тастыкталганга чейин күнөөсүз деп эсептелүү |
| **14-берене** | Куугунтукка алынганда чет өлкөдөн баш калкалоо чарасын издөө укугу |



**СОЦИАЛДЫК УКУКТАР**
Билим алуу укугу, үй-бүлөө түптөө жана багуу, эс алуу жана ден-соолукка кам көрүү укугу..

| | |
|---|---|
| **12-берене** | Үй-бүлөөлүк жеке турмушуна кийлигишпөө жана турак жайынын кол тийбестигин коргоо укугу |
| **13-берене** | Ар бир мамлекеттин чегинде эркин жашоо жана мамлекеттер ортосунда саякаттоо укугу |
| **16-берене** | Никеге туруу жана үй-бүлөөлүк турмушун баштоо укугу |
| **24-берене** | Эс алуу жана бош убактысын пайдалануу укугу |
| **26-берене** | Билим алуу укугу жана башталгыч билим акысыз болууга тийиш |



**ЭКОНОМИКАЛЫК УКУКТАР**
Турак жайга ээ болуу, эмгектенүү, пенсияга чыгуу жана нормалдуу турмушта жашоо укугу.

| | |
|---|---|
| **15-берене** | Ар бир адам улутка ээ болууга укуктуу |
| **17-берене** | Өздүк турак жайга жана мүлккө ээ болуу укугу |
| **22-берене** | Социалдык жактан камсыз болуу укугу |
| **23-берене** | Адилеттүү эмгек акыга иштөө жана кесипчилик союздарга кирүү укугу |
| **25-берене** | Ден соолугу жана жыргалчылыгына кам көрүү үчүн жетиштүү турмушта жашоо укугу |



**САЯСИЙ УКУКТАР**
Өлкөнү башкарууга катышуу, добуш берүү, тынч чогулуштарды өткөрүү, сөз эркиндиги, дин тутуу эркиндиги жана ишеним укуктары

| | |
|---|---|
| **18-берене** | Ишеним жана дин эркиндиги укугу |
| **19-берене** | Сөз эркиндиги жана маалыматты жайылтуу укугу |
| **20-берене** | Эркин түрдө тынч чогулуштарга катышуу жана ассоциацияларга кирүү укугу |
| **21-берене** | Өз өлкөнду башкарууга катышуу укугу |



**МАДАНИЙ ЖАНА ТИЛЕКТЕШТИК УКУКТАРЫ**
Коомчулуктун маданий турмушуна катышуу укугу.

| | |
|---|---|
| **27-берене** | Өз коомчулугуңуздун маданий жашоосуна катышуу укугу |
| **28-статья** | Бардык укуктар толугу менен ишке ашырылышы мүмкүн болгон эл аралык тартипке болгон укук |
| **29-берене** | Башкалардын укуктарын сыйлоо жоопкерчилиги |
| **30-берене** | Бул укуктардын бирин дагы тартып алууга тыюу салынат! |

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL

ИШ-ЧАРА

# ПОЛИЦИЯНЫН АШЫКЧА КҮЧ КОЛДОНУУСУН ТОКТОТУУ

### НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР

- Цукук коргоо органдары / көзөмөлдөө
- Күч колдонуу
- Тынч жыйын
- Жазасыздык
- Репарациялар
- Гендердик адилеттүүлүк

### БУЛ ИШ-ЧАРА ЖӨНҮНДӨ

Катышуучулар укук коргоо органдары жөнүндө үйрөнүп, Мексикада наразылык акциялары учурунда полициянын ролу жана аялдар менен кыздар башынан өткөргөн өзгөчө зомбулуктар тууралуу маалымат алышат. Алар полицияга адам укуктары боюнча эмне кылууга уруксат берилгенин, тактап айтканда, полиция жыйындарга кандай көзөмөл жүргүзө ала турганын билишет. Алар полиция кызматкерлери күч колдонуу жана ок атуучу курал боюнча эл аралык стандарттарды сактабаса, кандай иш-аракеттерди кылса болорун изилдешет.

### КҮТҮЛГӨН НАТЫЙЖАЛАР

Катышуучулар төмөндөгүлөрдү үйрөнө алышат:

- полициянын адам укуктарын коргоодогу ролун түшүнүү жана аны өз жашоосу менен **байланыштыруу**;
- полиция тарабынан күч колдонуунун стандарттарын жана алардын конкреттүү адам укуктарына кандай тиешеси бар экенин **сүрөттөп берүү**;
- Мексикада өз укуктары үчүн демонстрацияга чыгууда аялдар менен кыздар кандай өзгөчө жагдайга туш болорун **түшүнүү**;
- Укуктары полиция тарабынан бузулган аялдардын абалын **сезе билүү**;
- Эл аралык Мунапыс Уюмунун “Укуктар үчүн Жаз” / “Каттар марафону” өнөктүгү жөнүндө **билүү**;
- Венди Галарсаны колдоп, тилектештигин билдирип кат **жазуу**.

### ЖАШ: 13+

### КЕРЕКТҮҮ УБАКЫТ:

60 мүнөт.

### КЕРЕКТҮҮ МАТЕРИАЛДАР

- **ВНегизги маалымат: Күч колдонуу жана адам укуктары боюнча маалымат** (9 -бет)
- **Таркатма: Венди Галарсанын окуясы** (11 -бет)
- **Таркатма: Мексикада аялдардын укуктары үчүн каршылык көрсөтүү** (10 - бет)
- Кошумча: Каттын үлгүлөрүн алуу: www.amnesty. org/writeforrights/

### ДАЯРДЫК

- Кошумча: Ар бир катышуучу/ топ үчүн таркатмаларды принтерден чыгаруу.

### КОРОНОВИРУСКА КАРШЫ ЭРЕЖЕЛЕРДИ САКТОО

Коронавирус пандемиясы учурунда жашаган жериңиздеги калктын саламаттыгын сактоо боюнча кеңешке ылайык иш алып барыңыз. Иш-чараны бардык катышуучулардын коопсуздугун камсыз кылгандай кылып өткөрүңүз жана белгиленген физикалык аралыкты сактаңыз.

Эгер сиз онлайн форматында иш алып барсаңыз:

- Катышуучулардын активдүүлүгүн жана өз ара байланышын камсыз кыла турган коопсуз платформаны **тандаңыз**.
- Тийиштүү ой жүгүртүүгө жана натыйжалуу жыйынтык чыгарууга ылайыкташтырылган **көнүгүүлөрдү уюштуруңуз** (чакан топторго бөлүңүз).
- Катышуучулардын жигердүүлүгүн арттыруу үчүн техникалык колдоо **көрсөтүңүз**.

## 1. КИРИШҮҮ: ПОЛИЦИЯНЫН РОЛУ

10 МҮНӨТ

Катышуучулардан полициянын коомдогу ролу тууралуу ой-жүгүртүүсүн сураңыз.

- Эмне үчүн бизде полиция/милиция бар?
- Сиздин оюңузча, алар эмне кылышы керек?
- Сиздин оюңузча, алар кандай иштеши керек?

Катышуучулар айтпай кетсе, көпчүлүк өлкөлөрдө полициянын төмөнкүдөй негизги ролдору бар экенин айтып бериңиз.

- Элдин мыйзамга баш ийүүсүн камсыз кылуу (мыйзамдын аткарылышы).
- Элди жана мүлктү коргоо жана коомдук тартипти сактоо.
- Кылмыштарды иликтөө жана шектүүлөрдү камакка алуу.

Негизги маалыматтын кээ бир пункттарын баса белгилеп көрсөтүңүз: **Күч колдонуу жана адам укуктары** (9 -бет). Сиз муну катышуучулар үчүн принтерден чыгарып берсеңиз болот же жөн эле талкуулай аласыз.

## 2. ВЕНДИ ГАЛАРСА МЕНЕН ТААНЫШУУ

35 МҮНӨТ

Төмөндөгү кыска үзүндүнү окуп бериңиз. Катышуучуларга булар чынында болгонун айта кетиңиз:

**2020-жылдын 9-ноябрында, Венди Галарса Канзунда (Мексика) Алексис деп аталган аялдын өлтүрүлүшү боюнча адилеттүүлүктү талап кылган феминисттик жамааттар тарабынан**

**уюштурулган жөө жүрүшкө катышкан. Бирок демонстранттардын айрым бир тобу наразычылык акциясына тоскоол болгон кээ бир жыгач тосмолорду жулуп, өрттөй баштаганда, абал тез эле начарлап, кооптуу болуп кеткен. Венди элдин арасынан чыгуу үчүн чуркап жөнөгөн. Бирок кийинчерээк ал бутунда жана санынын ички тарабында ок жарасы бар экенин көрдү.**

Катышуучулардын кандай таасирде калганын сураңыз (10-мүнөт).

- Эмне болуп кетти деп ойлойсуз?
- Эмнеге мындай болду?
- Венди Галарсанын ок атуучу куралдан жаракат алганын эске алып, полиция эмне кылышы керек эле деп ойлойсуз?

Катышуучуларды чакан топторго бөлүп, ар бир топко **Венди Галарсанын окуясы** (11 -бет) жана **Мексикада аялдардын укуктары үчүн наразычылыктар** тууралуу материалдарды таратып бериңиз (10 -бет). Буларды окуп чыгууга аларга убакыт бериңиз.

Кошумча: Эгерде убактыңыз жетишпей жатса, окуя тууралуу жана Венди кантип жарадар болгонун катышуучуларга түшүндүрүп берүү үчүн **Венди Галарсанын окуясын** өзүңүз окуп берсеңиз болот.

Ар бир топтон төмөнкү суроолорго жооп берүүсүн сураңыз (15 мүнөт).

- Сиздин өлкөдө аялдар менен кыздар кандай маселелерге каршы чыгышат?
- Мексикадагы кырдаал сизди таң калтырып жатабы? Мындай кырдаал сиздин өлкөдө болобу?
- Полиция эмне кылышы керек же кылбашы керек эле?
- Сиздин оюңузча, мындай шартта полициянын курал колдонушу жөндүүбү?
- Венди Галарсанын октон жарадар болгонун эффективдүү иликтөө жана ага каршы кылмыш жасаган деп шектелгендерди жоопко тартуу үчүн  эмне кылуу керек?

Кайрадан чогулуп, топтордун жоопторун чогуу угуңуз (10 мүнөт). Ой жүгүртүү үчүн мүмкүн болгон суроолор:

- Октору ким атканына жараша сиздин тыянактарыңыз өзгөрөбү?
- Эгерде жаракат полиция тарабынан келтирилген болсо, иликтөөнү ошол орган жүргүзүшү керекпи?

Бул маселе байланыштуу иш-чаранын кийинки бөлүгүндө кененирээк талкууланат.

Мексикада ар кандай полиция күчтөрү аялдардын жана кыздардын укуктарын бузганын түшүндүрүү менен жыйынтыктаңыз. Буга тынч жыйындарды өткөрүү; эркиндикке; кыймыл-аракет бүтүндүгү; кыйноолордон жана ырайымсыз мамиленин башка түрлөрүнөн эркин болуу; жана зомбулуксуз жашоо укуктары кирет. Эл аралык Мунапыс уюму аялдардын наразылык акциясына бийлик ашыкча жана керексиз күч колдонгонун, мыйзамсыз жана өзүм билемдик менен камакка алуу, аялдарга оозеки жана физикалык зордук көрсөтүү жана сексуалдык зомбулук менен жооп бергенин аныктады.

## 3. ПОЛИЦИЯ ТАРАБЫНАН КҮЧ КОЛДОНУУ

15 МҮНӨТ

**Негизги маалыматты** тааныштыруу же таркатып берүү: **Күч колдонуу жана Адам укуктары** (9-бет)

Күч колдонуу стандарттарынын тизмесин жана наразылык акцияларын басуу принциптерин бирден окуп чыгыңыз. Катышуучулардан Венди Галарсанын ишинде  полиция  кызматкерлери бул стандарттарды карманып жатышабы же жокпу аныктап көрүүсүн сураңыз.

Сиз катышуучуларга эгер стандарт бузулган деп эсептесе, ордунан туруусун, ал эми бузулбаса өз ордунда калуусун сурансаңыз болот. Турган жана отурган катышуучулардан эмне үчүн бул стандарт аткарылганын же аткарылбаганын сурап көрүңүз. Же болбосо, катышуучуларды жупташтырып, алардан Венди Галарсанын иши үчүн кайсы стандарттар эң ылайыктуу экенин белгилеп, мурунку көнүгүүдөгү жоопторуна мунун кандай тиешеси бар экенин жана полициянын эмне кылышы керектиги жөнүндө ойлорун сураңыз.

Бул суроолор менен жыйынтыктаңыз:

- Сиздин оюңузча, мындай шарттарда полициянын курал колдонушу жөндүү беле?
- Венди Галарсага бул окуяны артта калтырып, жашоосун калыбына келтирүүгө эмне жардам бере алат?



УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL

Көнүгүүнү Мексикада гендердик зомбулукка каршы демонстрацияга чыккан аялдар менен кыздар адам укуктарынын бузулушу боюнча өзгөчө коркунучта экенин баса белгилөө менен жыйынтыктаңыз. Мексикада бийликтегилер муну билишет жана наразылык акциясына чыккан аялдардын жана кыздардын бардык адам укуктарын урматтоо, коргоо жана кепилдик берүү милдеттенмелерин күчөтүшү керек.

## 4. ВЕНДИ ГАЛАРСА ҮЧҮН ИШ - АРАКЕТТЕ ӨТ

15-30 МҮНӨТ

Мунапыс уюмунун “Укуктар үчүн жаз” өнөктүгү тууралуу айтып бериңиз. Мунапыс уюму адамдарды Венди Галарса үчүн адилеттүүлүктү талап кылууга үндөй турганын түшүндүрүңүз. Кат жазуу иштеринин канчалык ийгиликтүү болгонун көрсөткөн былтыркы өнөктүктөн мисалдарды бериңиз (3 бет).

Эгерде катышуучуларга бөлүнгөн убакыттын ичинде иш -аракет кылууга жетиштүү убакыт жок болсо, аларды кийинчерээк кантип жасоону уюштурууга чакырыңыз же көнүгүүлөрдү топторго бөлүп бериңиз. Аларды чыгармачылыкка үндөңүз.

- Эгер убактыңыз болсо “Укуктар үчүн Жаз” өнөктүгү тууралуу 5 мүнөттүк таанышуу видеосун бөлүшүп кетсеңиз болот: https://academy.amnesty.org/learn/course/external/view/elearning/145/write-for-rights-a-short-guide
- Катышуучуларга Венди тууралуу видеолорду бул жерден көрсөтсөңүз болот: www.amnesty.org/w4r-videos (Англис тилинде).

### КАТ ЖАЗ

Катышуучуларды көрсөтүлгөн дарек боюнча Кинтана-Роонун Башкы прокурору Адольфо Лопес Матеоско кат жазуусуна колдоо көрсөтүңүз.

Катышуучулар кат жазуу боюнча атайын үлгүлөрдү бул шилтемеден https://www.amnesty.org/writeforrights ала алышат, же кат жазуу үчүн сиз аларга төмөнкү көрсөтмөлөрдү бере аласыз:

- Башкы прокурорго өзүңүз жөнүндө айтып бериңиз.
- Венди Галарсанын окуясында сизге эмне күтүүсүз болгонун билдириңиз.
- Андан Венди Галарсага **эмне болгонун тезирээк иликтөөсүн жана күнөөлүү деп шектелгендердин жоопко тартылышын талап кылыңыз.**

**Кинтана-Роонун Башкы прокурору**
**Óscar Montes de Oca**
**Attorney General of Quintana Roo**
**Av. Adolfo López Mateos No.500, esquina Nápoles,**
**Colonia Italia, C.P. 77035,**
**Chetumal, Quintana Roo,**
**Mexico**

**Учурашуу: Урматтуу Башкы прокурор**

**Электрондук дарек:** fiscal.general@fgeqroo.gob.mx
**Телефон: +52 983 83 5 0050, ext.1114**
**Твиттер:** @FGEQuintanaRoo,
**Фейсбук:** www.facebook.com/FGEQuintanaRoo

### ТИЛЕКТЕШТИК БИЛДИРҮҮЛӨРҮ

Катышуучуларга Венди Галарса балдарды жакшы көрөрүн түшүндүрүңүз жана алар маанилүү нерселерди айта турганына ишенээрин билдириңиз. Катышуучулардан аялдардын жана кыздардын укуктарын коргогону үчүн ага канчалык суктангандарын билдирген каттарды жазып, анын акыйкаттык үчүн күрөшүн колдой тургандарын айтуусуна колдоо көрсөтүңүз.

Билдирүүлөрдү Твиттерде **@ShoutForWendy** деп жазып, **#ShoutForWendy** же **#GritoPorWendy** хэштегдери аркылуу бөлүшүү. Кол менен жазылган билдирүүлөрдүн сүрөттөрү көбүрөөк жеке таасирин берип, Вэндинин чечкиндүүлүгүн бекемдөөгө жардам берет.

Вендиге төмөнкү дарек аркылуу да билдирүүлөрдү жөнөтсө болот:

**Кимге: Эл аралык Мунапыс Уюмуна**
**Oficina Nacional de Amnistía Internacional México**
**Matías Romero No 116**
**Colonia del Valle**
**Alcaldía Benito Juárez**
**C.P. 03100**
**Ciudad de México**
**México**

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL

ТАРКАТМА

# НЕГИЗГИ МААЛЫМАТ

## КҮЧ КОЛДОНУУ ЖАНА АДАМ УКУКТАРЫ

Милиция кызматкерлерине жөнөкөй адамдар жасай албаган иштерди жасоого уруксат берилет. Мисалы, күч колдонуп бирөөнү камакка алуу, түрмөнүн ичинде кармоо, же курал көтөрүп жүрүү. Милицияга бул кошумча ыйгарым укуктар алар адамдарды коргоо жана коомдук тартипти сактоодо өз милдеттерин жетиштүү деңгээлде аткаруу үчүн берилген.

Бирок, кошумча күчкө жоопкерчилик жүктөлөт: милицияга башкаларга каршы күч колдонууга уруксат берилет, бирок алар ар дайым адам мыйзамга жана адам укуктарынын стандарттарына ылайык иш алып барышы керек

### КҮЧ КОЛДОНУУНУН СТАНДАРТТАРЫ

- Күч колдонуунун зарылчылыгы: Мыйзамдуу максатка жетүү үчүн башка альтернатива жок болгондо гана эң төмөнкү деңгээлдеги күчтү колдонуу зарыл.
- Күч колдонуу коркунучка тобокелге же пропорционалдуу болушу керек (мисалы, айлананы таштанды менен булгаганы үчүн бирөөнү атып салбайсың).
- Эгерде полиция тарабынан күч колдонуунун жыйынтыгы жаракат алууга же өлүмгө алып келсе, ыкчам, кылдат, көз карандысыз жана калыс иликтөө жүргүзүлүүгө тийиш.
- Милиция кызматкерлери өз ыйгарым укуктарын кыянаттык менен пайдаланышса, алар мыйзам алдында жооп берүүгө милдеттүү.
- Укук коргоо органдары милиция кызматкерлеринин иш учурунда туш келиши мүмкүн болгон күтүүсүз жагдайларды кантип чечүү керектиги боюнча так көрсөтмөлөрдү, анын ичинде кандай учурда күч колдонуу боюнча чечимдерди иштеп чыгышы керек.




©Махо Иригойен/Amnesty International

*Венди Галарса*

### НААРАЗЫЧЫЛЫКТАРДЫ КӨЗӨМӨЛДӨӨ

Бийлик өкүлдөрү ар кимдин тынч чогулуштарга, анын ичинде нааразылык акциясына катышуу эркиндиги бар экенине кепилдик берүүгө милдеттүү. Нааразылык акциялары учурунда милициянын жүрүм-туруму боюнча эл аралык так көрсөтмөлөр бар. Милициянын ролу-тынч өткөн митингдерде көмөктөшүү жана ар бир адам өз укуктарын тынч жана кысымдардан коркпостон колдоно алуусун камсыз кылуу.
Эгерде чыңалуу пайда болсо, анда милиция бул **принциптерди** эске алуу менен аларды азайтууга милдеттүү:

- Эгер айрым демонстранттар ээнбаштык кылып мыйзамдарды бузушса, бул тынч митингди чуулгандуу жыйынга айландырбайт. Ошондуктан тынчтыкты сактаган башка катышуучулардын нааразычылыгын уланта беришин милиция камсыздап бериши керек.
- Чакан азчылыктын ээн баштык же мыйзамсыз аракеттери үчүн эрежеден тышкары күч колдонууга болбойт.
- Эгер башкалардын коопсуздугун камсыздоо үчүн күч колдонуу талап кылынса, милиция эң төмөнкү чектеги күчтү колдонушу зарыл.
- Эгер бардык колдонулган чектөөлөр натыйжасын бербесе, нааразылык акциясын таркатуу чечими акыркы чара катары каралат.
- Нааразылык акцияларын таркатуу үчүн көздөн жаш агызуучу газ же суу чачкычтар, адамдар окуя болгон жерден кете турган учурда гана колдонулушу керек. Эгер башка колдонулган аракеттер натыйжа бербей, зомбулуктарды көзөмөлдөө мүмкүн болбой калган учурларда бул ыкмаларды колдонуу каралат.
- Элди таркатуу үчүн ЭЧ КАЧАН ок чыгаруучу куралдар колдонулбашы керек.

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL

ТАРКАТМА

# МЕКСИКАДА АЯЛДАРДЫН УКУКТАРЫН КОРГОО ҮЧҮН НААРАЗЫЛЫК

Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук Мексикада олуттуу көйгөй болуп саналат жана бул көйгөй барган сайын артууда. Мексиканын Улуттук статистикалык бюросунун (INEGI) сурамжылоолору көрсөткөндөй, Мексикада 15 жана андан жогору жаштагы аялдардын үчтөн эки бөлүгү зордук-зомбулуктун кандайдыр бир түрүн башынан өткөрүшкөн. Мунун дээрлик 44 пайызы өнөктөшүнүн зомбулугуна дуушар болушкан. 2020 -жылы аялдарга карата зомбулукка тиешелүү 260 миңден ашык шашылыш чалуулар жасалган, бул өткөн жылга салыштырмалуу 198 миңге аз деп көрсөтүлөт.

Мексикада аялдарга жана кыздарга карата жазалган зомбулуктар көбүнчө билинбейт. Ал тургай  кылмышкерлерди жоопко тартуунун төмөн көрсөткүчтөрү менен бул нормалдуу көрүнүшкө ээ болуп калган жана аялдар адам укуктарын ишке ашыруудан четтетилген. Акыркы жылдары аялдардын көп өлтүрүлүшүнө (аялдар аялзаты болгондуктан өлтүрүлгөн) жана аялдарга жана кыздарга карата зордук -зомбулуктун башка түрлөрүнө, ошондой эле жогорку деңгээлдеги жазасыздыкка жана аялдар үчүн адилеттүүлүктүн  жоктугуна нааразы болгон аялдар менен кыздар көчөгө чыгышкан. Бул наараздылыктарга жооп кылып, ар кандай полиция күчтөрү аялдардын жана кыздардын укуктарын бузушту, анын ичинде тынч митингдерге чогулуу укугу; эркиндик; физикалык бүтүндүк; кыйноолордон жана ырайымсыз мамиленин башка түрлөрүнөн эркин болуу; жана зомбулуксуз жашоо укуктары бар.

Эл аралык Мунапыс Уюму аялдардын наараздылык акциясына бийлик ашыкча жана керексиз күч колдонуп, мыйзамсыз жана өзүм билемдик менен камап, аялдарга оозеки жана физикалык зомбулук көрсөткөнүн жана сексуалдык зомбулук менен жооп бергенин аныктады.

Аялдарга карата зомбулукту токтотууну талап кылган бул нааразычылыктар жана демонстрациялар негизинен тынч мүнөздө өткөн. Бирок, алар эмнегедир зомбулук катары көрсөтүлө баштаган. Бийлик жана айрым массалык маалымат каражаттарынын нааразылык акцияларын ушундай мүнөздөө менен, аялдардын чогулуу эркиндигине каршы келген чөйрөнү түзө баштады. Мындай көрүнүш аялдардын ишмердүүлүгүнүн легитимдүүлүгүнө шек келтирет жана бийлик тарабынан да, жеке адамдар тарабынан да аялдарга карата  зомбулуктун ыктымалдуулугун жогорулатат. Демонстрацияларга катышып жаткан аялдар туш болуп жаткан бул стигма аялдардын коомдогу ролу жөнүндө зыяндуу гендердик стереотиптерге негизделет жана аларды  бекемдейт.  Мисалы, стереотиптик көз караш боюнча аялдар демонстрацияларга чыгып өздөрүнө көйгөй жаратуунун ордуна үйдө отурушу керек. Бирок чындыгында, аялдардын өздөрүнүн жүрүм -туруму менен аялдар туш болгон адам укуктарынын бузулушун актоо аракети, аларды каршылык көрсөтүүгө батынгандыгы үчүн басмырлаган стереотипти түзөт.




©Махо Иригойен/Amnesty International

*Венди Галарса*

■ Булак: Эл аралык Мунапыс Уюму, Мексика: Аялдардын жашы: Стигма жана аялдарга каршы зомбулук. Индекс: AMR 41/3724/2021.

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL

## ТАРКАТМА

# ВЕНДИ ГАЛАРСАНЫН ОКУЯСЫ

Венди Галарса жан дили менен балдардын карап, жумушун сүйүп иштейт. Ал балдарды кичинекей кезинен карап, тарбиялоого абдан дилгир. Анткени Венди муну сезимтал жана боорукер коомдорду түзүүнүн эң мыкты башаты деп эсептейт. Аялдар көбүнчө аялзаты болгону үчүн зордук-зомбулукка кабылып жана өлүмгө дуушар болгон Мексикада, Венди аялдардын укуктары үчүн талыкпай иштөөнү максаттайт. Феминист жана активист ал мындай зордук -зомбулукту айыптаганы үчүн дээрлик өз өмүрүнөн айрылып кала жаздады.

2020 -жылдын 9-ноябрында ал Канкунда феминисттик жамааттар тарабынан уюштурулган Алексис аттуу аялдын өлтүрүлүшүнө адилеттүүлүктү талап кылган жөө жүрүшкө катышат. Бирок демонстранттардын бир тобу жыгачтан жасалган тосмолорду жулуп, аларды өрттөй баштаганда, полиция асманга ок чыгарган. Кээ бирөөлөр элге каршы атты деп айтышат. Көп өтпөй, Венди анын бутунда жана санынын ички тарабында ок жарасы бар экенин көргөн.

Эки күндөн кийин ал полицияга арыз менен кайрылган. Мамлекеттик айыптоочунун кошумча далилдерди, анын ичинде жөө жүрүштө октон тешилген кийимдерди кабыл алуусу бир канча айга созулат. Бүгүнкү күндө бул боюнча иш дагы деле уланууда. Бирок Вендиге  каршы ок аткандар боюнча кылмышка шектелгендер жоопко тартыла элек.

Венди буга көңүлүн чөгөрбөй, нааразылык акциясында кол салууга дуушар болгон башка аялдар менен бирге атайын жамаат түзгөн. Ал : “Мен 9 -ноябрдын эч качан унутта калышына жол бербейм. Үнүмдү бийик чыгарып, өзүмдүн жана запкы жеген өнөктөштөрүмдүн адам укуктарын коргоону улантам” дейт.



©Махо Иригойен/Amnesty International



©Махо Иригойен/Amnesty International

*“Мен эч качан 9Н [9 -ноябрь 2020] унутулушуна  жол бербейм”, - дейт ал. “Мен үнүмдү бийик чыгарып, күрөштө өзүмдүн жана өнөктөштөрүмдүн адам укуктарын коргоону улантам.”*
**- дейт Венди.**

# ЭЛ АРАЛЫК МУНАПЫС УЮМУ ЖӨНҮНДӨ

Эл аралык Мунапыс Уюму - бул адилетсиздик менен жекече күрөшкөн 10 миллиондон ашуун адамдын глобалдык кыймылы. Биз бардык адамдар өз укуктарын толук кандуу колдоно алган дүйнөнү жактайбыз.

Качан жана кайсы жерде мыйзам бузуулар болсо, биз аларды иликтеп фактыларды ачыкка чыгарабыз. Биз өкмөттөрдү, ошондой эле ишканалар сыяктуу ар кандай таасирдүү топторду колдоп, аларды берген убадаларын аткарып, эл аралык укуктарды сыйлоого ынандырууга аракет көрөбүз. Биз менен иштешип жаткан адамдардын таасирдүү окуяларын айтып берүү менен дүйнө жүзү боюнча миллиондогон колдоочуларды өзгөрүү үчүн күрөшүүгө  жана алдыңкы катардагы активисттерди коргоо үчүн туруп берүүгө мобилизациялайбыз. Биз адамдардын билим алуу жана тренингдер аркылуу өз укуктарын коргоону үйрөнүүсүн колдойбуз.

Биздин ишибиз адамдарды коргоо жана аларга күч-кубат берүү - өлүм жазасын алып салуудан сексуалдык жана репродуктивдик укуктарды алдыга жылдыруу, дискриминацияга каршы күрөшүүдөн качкындар менен мигранттардын укуктарын коргоо алкагындагы иш-аракеттерди камтыйт.  Биз кыйноочуларды жоопко тартууга, репрессивдүү мыйзамдарды өзгөртүүгө жана өз оюн айткандыгы үчүн камалган адамдарды


**ЭЛ АРАЛЫК МУНАПЫС УЮМУ**

Эл аралык Катчылык
Питер Бененсон Хаус,
Истон көчөсү, 1
Лондон WC1X 0DW,
Бириккен Королдук



Индекс:
POL 32/4575/2021 Kyrgyz
Сентябрь 2021



Электрондук дарек:
contactus@amnesty.org
т: +44-20-74135500
ф: +44-20-79561157

**www.amnesty.org**



Бардык сүрөттөр  башка түрдө белгиленбеген учурда © Эл аралык Мунапыс Уюмуна/Amnesty International таандык.
Мукаба сүрөтү: © Махо Иригойен /Amnesty International


**УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ**

AMNESTY INTERNATIONAL